УДК: 373

Дюшеева Н. К., Өзгүр Эрен

*Х.Карасаев ат. Ысык-Көл лицейи*

# КЫРГЫЗ-ТҮРК ЛИЦЕЙЛЕРИНДЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧАЛЫГЫНЫН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУ

Лицейдин мугалимдеринин астында өзгөчө маанилүү милдет- окуучуларга керектүү болгон максимум билимдерди берүү, алардын өз алдынча ишинин көндүмдөрүн калыптандыруу милдети коюлган.

Өзүнүн курамы боюнча лицейде топтор курагы боюнча жана англис тили боюнча билим деңгээли менен айырмаланышпайт.

Окуу башталганда окуу пландарына жана программаларга ылайык 7-класстан баштап англис тили курсу окутулат. Окуу материалын берүү окуу планын түзүүчү мугалимден, биринчиден, пландоонун оптималдуулугун, экинчиден окутуунун жаңы методдорун талап кылат. Бул маселени практикалык сабактын аспектисинде карайлы.

Азыркы учурда англис тилин окутууда колдонулуучу технология салттуу окутуудан азырынча бир аз гана айырмаланат.

Ошентип, англис тили боюнча практикалык сабактарда, азыркы учурда көрсөтмөлүү иллюстрациялоо методу колдонулат. Бул даяр билимдерди пассивдүү кабыл алууга алып келет, айрыкча, начар окуучулар үчүн ой жүгүртүү активдүүлүгүн консервациялоо, англис тилин үйрөнүү кызыкчылыгынын төмөндөшүн пайда кылат.

Биз албетте, толук бойдон салттуу усулдардан баш тарта албайбыз, бирок жаңы методдорду илимий негиздөө жана өнүктүрүү шарттарында окутуунун түрдүү усулдарын окутуу процессинде аралаш колдонуу зарылчылыгы бышып жетилди.

Мисалы, лицейдин окуучуларын окутууда алгоритм типтерин колдонуу, англис тилинин айрым бөлүктөрүн алгоритмдеги тирүү элементтерин кодонуу максаттуу. Мындай көз карашты бир катар авторлор бөлүшөт.

Мисалы, Валуца И.И., Раковер Б.Д., Стратан К.А. (С.Лазо ат. Кишинёв политехникалык институту) лицейлерде англис тилин окутууда алгоритмдик багытты өткөрүүнүн максатка ылайыктыгын белгилешет. Алар, англис тилин окутуудагы алгоритмдик мамиле теориялык курстун алгоритмдик мазмунун кеңири ачып берүүнү жана бекем теориялык курстун алгоритмдик мазмунун кеңири ачып берүүнү жана бекем теориялык билимдерге ээ болууга, ырааттуу логикалык ойлонуунун өнүгүшүнө жол берүүчү рационалдуу алгоритмдерди, алгоритмалык схемаларды, англис тилин окутуудагы блок схемаларды системалуу колдонууну билдирет деп белгилешет.

Бул ой жүгүртүүлөр белгилүү өлчөмдө тапшырманы аткаруу процессинде окуучунун практикалык ишмердүүлүгүнө тиешелүү. Алар системаларды аныктамаларды далилдерди колдонууга багытталган, ошондой эле жасалганды жалпылоо, аналогдорду колдонуу, индукция, анализ, синтезди колдонууну камтыган чыгармачыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүп тапшырмаларды аткарууга үйрөнүүсү керек.

Практикалык сабактарды өткөрүп, мугалим маалымдоочу катары өзүнүн ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын жана окуучулардын алынган маалыматты акыл эс менен иштеп чыгуу жана кабыл алуу процессиндеги ишмердүүлүгүн так аныктоосу керек.

Окутуунун эффективдүүлүгү эң оболу, окуучунун активдүүлүк даражасына көз каранды.

Окуучулар окуп үйрөнүлгөн материалдын айрым бөлүктөрүн өздөрү үчүн ачуучу, өз алдынча иштөө процессинде жетишүүгө болот.

Акыл эс активдүүлүгү өзүнөн өзү келбейт, ал ар дайым стимулдашып туруусу зарыл.

Эң мыкты стимул болуп окуучунун үйрөнүлүүчү материалга, жалпысынан предметтин өзүнө да кызыкчылыгынын пайда болушу эсептелет. Адамдын психологиялык касиети өз алдынча аткарган иштен физикалык болобу, моралдык канааттанышы, ыраазы болуусу белгилүү.

Сабакта текст талдоодо мугалим диктанттар жыйнагы, же башка булактардан пайдаланат. Мында ал өзүнүн алдына негизги максатты коёт-окуучулар текст менен иштеп чыгууда темага ылайык үйрөнүлүүчү материалды же анын бөлүгүн өздөштүрүүсү керек. Бирок бардык эле учурда ал текст кандай функция аткарат, окуучулар үчүн ал кызыктуубу, эгер бул тапшырма абстрактуу мүнөздө болсо, аны кантип конкреттештирүү, курчап турган чындыкка кантип жакындаштыруу,

жандандыруу керектигин ойлоно бербейт.

Түрдүү мазмундагы, типтеги тапшырмалар түрдүү максаттарды көздөйт. Айрым тапшырмалар окуучунун көндүмдөрүн, ыкмаларын аткаруу техникасын иштеп чыгат, башкасы практикада терминди аныкталыш касиеттерин колдонууга үйрөтөт, үчүнчүлөрү изилдөөчүлүк мүнөзгө ээ.

Ошондуктан, материал текст тандоо сабакта окуучунун чыгармачыл ишмердүүлүгүн уюштурууда негизги ролду ойнойт. Текстти жазуунун айрым маселерине токтолобуз.

Тапшырманын шартын доскага же дептерге жазып, окуучу биринчи кезекте алдына суроо коет: «текстти үйрөнүүнү эмнеден баштоо керек?» Демейде практикалык сабактардын алдында теориялык материал окулган болот, окуучу каралуучу теманын теориялык негиздери менен тааныш анын үстүнө материал текст жазуунун алдында кайталанат. Бирок бардык эле учурда мугалим сабакка даярданууда аны аткаруу усулдарын жетишерлик ойлонбойт, бул окуу процессинде терс таасирин тийгизет [2].

Демек, окуу тапшырманы алып анын шарттарын формалдуу кабыл алат да, аткара баштайт. Бул биринчи жалган кадам.

Тапшырманы аткаруунун биринчи этабында анын шарттарын, мазмунун негиздүү үйрөнүү керек. Мугалим окуучуга түрдүү тапшырмаларды анализдөөгө, кийин аны чечүү жолдорун үйрөтүү үчүн системалуу түрдө бул талаптарды коюусу керек. Башка учурда окуучулар тапшырманы аткаруу процессине убакытты бекер сарптаганын, туура эмес жүрүшүн көрүп аны токтотушат.

Практикалык иштердин зарыл компоненти болуп өз алдынча иш эсептелет.

С.Н.Берштейн: «Теорияны, ал канчалык логикалык жактан аякталган болсо да, сөз менен баяндап берүүгө болбойт, аны окуучулар унутуп коюшат, тескерисинче, окуучуларды азыркы илим жана жашоо үчүн маанилүү ролду ойногон логикалык ой жүгүртүү ыкмаларын өз алдынча колдонууну үйрөнүү керек [1].

Эгерде мугалим окутууда өз алдынчалуулук иштин ордун алдын ала аныктабаса, окуучулардын өз алдынчалуулук иши оң натыйжа бербей тургандыгын белгилөө керек.

Белгилүү болгондой, өз алдынча иштөө ойлонуудагы тажрыйба, билим менен чыгармачыл иштөөгө болот.

Окутуудагы оң натыйжаларга жетүү үчүн М.В.Потоцкий төмөнкү эрежелерди сунуштайт.

1. Жаңы түшүнүктү формалдуу киргизүүгө болбойт.
2. Окуучулар жаңы түшүнүктөр атайын киргизилди деп эсептебеши керек.
3. Жаңы түшүнүктөрдү киргизүүдө аларды конкреттештирүү керек.
4. Бардык түшүнүктөр табигый түрдө киргизилиши керек.
5. Эгерде жаңы материалдын чыгыш теги же аналогу эски материалда көрсөтүлсө, окуучулар жаңы материалды жакшы өздөштүрө алышат.
6. Жыйынтыкты, далилди, ошондой эле сүйлөмдүн түзүлүшүн чындыкка жакындоо процесси түрүндө берүү максатка ылайык.
7. Татаал, бирок маанилүү маселелерди баяндоодо индуктивдүү методду колдонуу ылайык.

Мугалимдин негизги милдети окуу процессин активдештирүү, окуучунун үйрөнүлүүчү, предметке кызыкчылыгын жогорулатуу, билимге ээ болуу зарылчылыгын түшүнүү.

Педагогикалык илимдердин кондидаты Н.Г.Ованесов: «Окуу процессин активдештирүү жана эффективдештирүүнүн принциби теориялык бир топ эффективдүү кабыл алуу жана өздөштүрүүнүн психологиялык – педагогикалык проблемаларын камсыз кылат».

Бул принципти түзүүчү эки талап өз ара тыгыз байланышта жана мугалимдин түздөн-түз жетекчилиги менен стимулдаштыруучу иштин маанилүү фактору болуп саналат» (61, с. 251).

Окуу процессин толук активдештирүүгө жетишүү салттуу методдорду колдонуу менен гана ишке ашпайт, себеби мында ар бир окуучуга өзүнүн таанып-билүүчүлүк жөндөмүнүн деңгээлине ылайык жаңы информацияны кабыл алуу жана өздөштүрүү мүмкүндүгү берилбейт.

Демек, окутууга дифференцирлүү мамиле жасоо керек, бул ар бир окуучунун таанып-билүүчүлүгүн өз алдынчалуулугун жана жөндөмүн өнүктүрүүгө жол берет.

Эксперименттин коюлушунун системасы чыккан талаптарына ылайык окуу жылынын жүрүшүндө дидактикалык система такай колдонулду, оперативдүү, жыл ичиндеги жана жыйынтык текшерүүнүн жеке өзгөчөлүктөрү эске алынды. Англис тилинин бүтүрүү сынактарында лицейде атайын комиссия түзүлдү.

Эксперименталдык группалардагы окуучулардын билим сапаты лицейлерде дидактикалык системаны ийгиликтүү колдонууга болорун көрсөттү. Бул окуучулардын андан аркы окуусу үчүн

маанилүү орунда эксперименталдык (107,11е) жана көзөмөлдүк (10к, 11к) класстар белгиленген эксперименттин натыйжасын көрсөтөбүз (1-таб.).

Сабактагы жогорку класстардын өз алдынчалуулук ишин дээрлик бардык убакта окуучунун инсандык өзүн-өзү бекемдөөгө умтулуусуна байланыштуу.

1-Таблица

| Класстар | Тапшырманы аткарышты | | | Тапшырманы аткарган жок | Подгруппа «А» | Подгруппа «В» |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Бары туура | 1 ката кетирди | 2 ката кетирди | | | |
| 10э | 22,2% | 51,8% | 25,9% | 0% | 74% | 25,9% |
| 10к | 0% | 63,6% | 36,6% | 0% | 63,6% | 36,3% |
| 11э | 16% | 68% | 16% | 0% | 84% | 16% |
| 11к | 9,1% | 36% | 54,9% | 0% | 45,1% | 54,9% |

Окуучу өз алдынча аракеттенип, жамаатта өзүнүн ордун табууга чыныгы жашоодо өз ордун табууга аракеттенет.

Ошондуктан, жогорку класстардын өз алдынчалуулук ишин уюштурууда сабакта мугалимдерден окуучунун жеке сапатына көңүл буруу талап кылынат. Бул иш-аракет көбүнчө фронталдык мүнөздө болуп, окуучуларга сабактан жана үй тапшырманы аткарууда дифференцирлөөчү мамиле кылуу үчүн мүмкүндүк берет.

Англис тили боюнча өз алдынчалуулук ишке жогорку класстардын жөндөмүн калыптандырууда окутуу, окуу ишмердүүлүгүн моделдөө ыкмаларын калыптандырууну тереңдетип, ошол эле учурда тездетип окуу, түрдүү иш - аракетинин планын түзүү, конспектилөө, жазуу көнүгүүлөрдүн иштөө ыкмаларына ээ болууну камтууга тийиш.

Англис тили боюнча өз алдынчалуулук иштөө зарыл болгон класстан тышкары даярдоо этабы, класстагы өз алдынчалуулук ишмердүүлүк үчүн фундамент болуп саналат жана тилдин бирдиктеринен сүйлөм деңгээлине чейинки иш-аракеттерди жасай алуу ошондой эле сүйлөмдөр менен кептик байланыш жасоо көндүмдөрүн иштеп чыгууну англис тилинде кептик пикирлешүү көндүмдөрүн иштеп чыгууну билдирет.

Өз алдынчалуулукту туура уюштурууда өз алдынчалуулук ишмердүүлүк башка сапаттагы, бир топ жогору, кептик деңгээлде болот.

Биз иштеп чыккан модель жогорку класстардын өз алдынчалуулук ишинин мазмунунун бардык аспектилерин камтып, моделдөө усулу менен анын структурасын курууга мүмкүндүк берди.

Биз иштеп чыккан модель биринчиден, интегративдүү, түзүүчүнү ичине алат. Жогорку класстардын өз алдынчалуулук окуу ишмердүүлүгү болуп-бүтүн педагогикалык процесстин теориясы субьект-субьектилик өз алдынча иш - аракеттин бардык ишмердүүлүк түрлөрүндө катышат. Экинчиден, жогорку класстардын өз алдынчалуулук таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн гипотетикалык түзүүчүлөрүн бир бүтүнгө түрлүү байланыштыруучу компоненттерди мотивациялык-максаттык, мазмундук-операциялык баалоочу-натыйжалыкты камтыйт. Үчүнчүдөн, өз алдынчалуулук иштин сапатын жогорулатууну жыйынтык натыйжа менен гана эмес, анын жүрүшүндө, башкача айтканда, түзөтүү сапаты боюнча баалоо керек деген жобону ичине алат.

Адабияттар

1. Блонский П.П. Избранные педагогические и психологические сочинения // Под. ред. А.В. Петровского. – М.: Педагогика, 1979, 397 с.

2. Пономарев Я. А. Психология и педагогика. – М,: Педагогика, 1976, с. 271.